# Техникалык коопсуздук эрежелери

## 1. Жалпы коопсуздук эрежелери:

- Информатика кабинетине бардык окуучулар техникалык коопсуздук боюнча атайын инструктаждан жана ден соолугу жөнүндө медициналык кароодон өткөндөн кийин гана кирүүгө уруксат берилет.
- Информатика кабинетинде окуучулар жүрүм-турум эрежелерин, эмгек, эс алуу нормаларын, сабактардын расписаниелерин туура сактоого тийиш.
- Кабинетте окуучуларга терс жана зыяндуу таасирин тийгизүүчү факторлор болбоосу керек (өткөргүчтөрдүн ачык жерлери ж.б.)
- Кабинетте окуучулар жаракат алса, өзүн жаман сезсе алгачкы медициналык жардам көрсөтүү үчүн керектүү болгон медикаменттер менен толукталган медициналык аптечка болууга тийиш.
- Кабинетте тазалык, окуучулардын өздүк гигиенасы, класстын санитардык гигиеналык нормалары сакталышы зарыл.
- Кабинетте өрт коопсуздугунун эрежелери, өрт коопсуздугуна каршы өрт өчүргүч (огнетушитель) болушу керек.
- Окуучулар арасында тартип бузуулар болсо, коопсуздук эрежелери туура, так аткарылбаса, пландсыз кайра инструктаж өтүлүүсү зарыл.
- Берилген нускаманын сакталышы информатика сабагынан берген мугалимдер менен окуучулар үчүн милдеттүү;
- компьютердик техникага аяр мамиле кылуу;
- мугалимдин уруксатсыз компьютерди ордунан жылдырбоо;
- Дисплейдин экранынын жарык менен камсыз болушу керек, мында аны күн нурунун түз түшүшүнөн сактоо зарыл;
- Кабинеттин айнеги ачык түрдөгү штора менен тагылуусу.

## 2. Иштөө алдындагы коопсуздук:

абинетти кылдаттык менен желдендирүү, абанын темпера-
урасы 190С-210С, салыш-а нымдуулук 55-60% болушу керек.
октун жердештирилгендигин текшерүү.
уталимдин уруксаты менен компьютерди жандыруу.
бинетке мугалимдердин уруксаты менен кирүү.
паратурага сүйкөнбөө;
турууучу орун даярдоо;
талимдин уруксатысыз аппаратураны күйгүзбөө
 включать);
у начар көрсө очки тагынуу;
ктр точкасына туташтырууда аяр болуу.

## 3. Иш мезгилиндеги коопсуздук:

- Мугалимдин уруксатысыз компьютерди өчүрбөө.
- Бир компьютерде эки же андан ашык окуучу иштөөгө мүмкүн эмес.
- Компьютерде иштөөнүн узактыгы:

7-класстар үчүн 20 минута
8-9-класстар үчүн 25 минута
10-11-класстар үчүн 30 минута

- Андан кийин сөзсүз көздүн чарчоосун жок кылуучу көнүгүүлөр үчүн 10 минута дем алуу керек.

Өндүрүштүк практика мезгилинде компьютерде иштөөнүн узактыгы 16 жашка чейинкилер үчүн 2 саат, андан чоңдор үчүн 3 сааттан ашпоо керек.

- Ар бир 20-25 минутадан кийин атайын көз үчүн көнүгүүлөр. 45 минутадан кийин физ-к көнүгүүлөр аткарылганы пайдалуу.
- Кружоктор сабак бүткөндөн кийин толук 1 сааттан кийин жумасына эки жолудан көп коюлбашы керек. Жалпы узактыгы 2-5-класстар үчүн 60 минута, 6-11-класстар үчүн 90 минутадан ашпоо керек.
- Ар бир 15 минутада көзгө гимнастика жасоо;
- Техника менен иштөөдө ар бир мүчүлүштөр боюнча мугалимге билдирүү.

## . Авариялык кырдаалдагы коопсуздук:

теп жатканда компьютерде кандайдыр бир туура эмес
гилер байкалса, бир жыт, үн, жаркыроолор байкалса
оо мугалимге билдириши керек;
усунан өрт коркунучу туулса, мугалимдин көз алдындагы
инеттен чыгуу;
усунан жеңил мертинүүгө чалдыкса, мугалимге жардамга
ылуу;
аратура көрсөтпөй жатса, тезинен мугалимге кайрылуу;
 жаман сезсе, баш оору, баш айлануу ж.б. симптомдор
алса ишти токтотуу, мугалимдерге билдирүү зарыл.
ргүчтөрдө ачык жерлери байкалса, компьютерди дароо
үү, жаракат алгандарга 1-медициналык жардам көрсөтүү,
жөнүндө администрацияга билдирүү керек.

## 5. Иш бүткөндөгү коопсуздук:

- Мугалимдин уруксаты менен компьютерди өчүрүү, классты иретке келтирүү.
- аппаратураны булагынан ажыратуу;
- иштөө орундарын иретке келтирип, мугалимдин уруксатысыз чыгып кетпөө.
- Кылдаттык менен желдендирүү, компьютерлерди, столдорду нымдуу тряпка менен сүртүп тазалоо.

Scanner App Lite

# Сабактын жүрүшүндө окуучуларга тыюу салынат:

- нымдалган кол жана кийим менен иштөөгө;
- мугалимдин көрсөтмөсүнөн сырткары иш аткарбоо;
- өз алдынча экранды копторбоо;
- өз алдынча техниканы оңдоого.
- аппаратураны булагынан ажыратуу;
- иштөө орундарын иретке келтирип, мугалимдин уруксатысыз чыгып кетпөө

# Компьютерде туура олтуруу эрежелери:



- Креслого түз жөлөнүп олтуруу.
- Бүлүнгөн креслого олтуруп иштөөгө болбойт. Ал тез чарчоону пайда кылат, ишке болгон жөндөмдүүлүктү жоготот.
- Тизе менен жамбаш бирдей бийиктикте болуусу керек.
- Буттарды алмаштырып олтуруу туура эмес, ал кан айлануу системасынын бузулушуна алып келет.
- Эки бутту бирдей, полго же атайын тактайчага койгон оң.
- Чыканак, жамбаш, тизе сөөктөрүнүн муундары дайыма 90°С бурч менен бүгүлүшү керек.
- Монитордун экранынын борбору көздүн бийиктигинен 10-15 см. төмөн болуу керек, экранга карап эңилүү 15-20 градустан кем болбосун.
- Көз менен экрандын аралыгы 60-70 см. болууга тийиш.
- Монитордун жака белинде жалтыраган, чагылдыруучу предмет болбосун.
- Экрандын бети таза болсун.

Scanner App Lite

# Химия кабинетинде иштөө үчүн коопсуздук техникасынын эрежелери.

1. Заттарды кол менен кармоого, даамын татууга болбойт.

2. Заттардын жытын билүүдө идишти бетке жакын алып келбөө керек, буу жана газдар менен дем алганда дем алуу жолдорун дүүлүктүрүшү мүмкүн. Жытты билүү үчүн идиштин оозунан алакан менен бетти көздөй желпүү керек.

3. Мугалимдин көрсөтмөсүсүз өзүңөргө белгисиз заттарды аралаштырбагыла.

4. Газ оттугун ширеңке менен гана күйгүзгүлө. Күйүп жаткан жалынга жакындап эңкейип карабагыла.

5. Заттарды пробиркага ысытканда жалынга толук алып келбөө керек, тескерсинче, пробирканын түбүн гана жалындын учуна тийгизгиле, ал эми пробирканын оозун өзүңө жана кошунаңа каратпагыла. Ысып турган пробирканы пластмасса штативке койбогула.

6. Эгерде ысык жалынга, бууга, ысык буюмдарга, электр тогуна күйүп калган учурда, калийдин перманганатынын (марганцовка) эритмесине нымдалган материалдарды баскыла. Вазелин жана май менен майлоого болбойт.

Scanner App Lite

Р.Сатыбалды уулу атындагы орто мектебинин 2021-окуу жылында «Жол эрежелеринин жаш тескөөчүлөрү» класстар арасындагы таймашуунун иш чарасы

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Саламдашуу | 11.03.21 | Садырбекова Н. Акматбекова М. |
| 2 | Команданын атын чечмелөө | 11.03.21 | Садырбекова Н. Акматбекова М |
| 3 | Жол эрежелеринин эркертүүчү белгилерин айтуу (4-а класс),жол эрежелеринин тыюу салынган белгилерин айтуу(4-б класс) | 11.03.21 | Садырбекова Н. Акматбекова М. |
| 4 | «Тамгалар бийлешет» оюну(эки командага тамгалар чапталат,ошол тамгалардан темага байланыштуу сөз куроо) | 11.03.21 | Садырбекова Н. Акматбекова М |
| 5 | Бий (жол эрежесси боюнча) | 11.03.21 | Садырбекова Н. Акматбекова М. |
| 6 | Сыр сандык (ар бир командага үчтөн суроо) | 11.03.21 | Садырбекова Н. Акматбекова М |
| 7 | Интермедиа | 11.03.21 | Садырбекова Н. Акматбекова М. |
| 8 | Түстөрдү карап жол белгилерин кураштыруу | 11.03.21 | Садырбекова Н. Акматбекова М |
| 9 | Капта секирип маарага жетүү | 11.03.21 | Садырбекова Н. Акматбекова М. |
| 10 | Дубал газета чыгаруу | 11.03.21 | Садырбекова Н. Акматбекова М |

Түзгөн: ТИУ *kbt* К.Бостонова

Катышкан тобу: З. Султанова
Д. Дженалиев
М. Абдыкадырова

№32 Раимбек Сатыбалды уулу атындагы орто мектебинде 2019-2020-окуу жылында окуучулардын арасында кылмыштуулуктун, укук бузууларды алдын алуу боюнча түзүлгөн иш чаралардын планы.

Окуучулар арасында жолдо жүрүү коопсуздугун алдын алуу.

| Иш чаралар | Аткаруу мооноту | Жооптуулар |
|---|---|---|
| Жол коопсуздугу жана жол унаа кырсыктарынын алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Жыл ичинде | Класс жетекчилер ТИУ |
| Жолдо жүрүү коопсуздугу боюнча башталгыч класстардын окуучуларына мектепке чейинки (кайра артка карай) (Үй-Мектеп-Үй) маршруттук баракчаларын түзүү. | Жыл ичинде | ТИУ Класс жетекчилер ата-энелер |
| Каникул убагында жол унаа кырсыктарын алдын алуу жана болтурбоо багытында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Ар чейрек каникулга кетээр алдында | ТИУ Кл.жетекчилер |
| Жолдо жүрүү коопсуздугу боюнча бир айлык, жумалык жана оюндардын программасын уюштуруп өткөрүү. | дайыма | ТИУ Класс жетекчилер |
| Жолдо жүрүүнүн эрежелери боюнча тарбиялык сааттардарды өткөзүү | План боюнча | Класс жетекчилер |
| Мектеп окуучулары арасында «Жол кыймылынын жаш тескоочулору» деген темада кароо сынак өткөрүү | | ТИУ Класс жетекчилер |

Түзгөн : К.Бостонова

Scanner App Lite

Раимбек Сатыбалды уулу атындагы орто мектеби

# Тарбиялык саат


## Адепсиздик кылмыш, кылмыштын акыры жаза

Scanner App Lite

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлиги
Р. Сатыбалды уулу №32 орто мектеби

# Тарбиялык саат

## Тема: Суицидди алдын алуу



Мугалим: Эргешова Акылай

Scanner App Lite

№ 32 Раимбек Сатыбалды уулу атындагы орто мектеби

# Суицидти алдын алуу боюнча отулгон тарбиялык сааттан ачык сабак.

Тема :«Омур бир келет».

Аткарган: Байдолотова Г

Текшерген: Бостонова К

Scanner App Lite